**2013-жылдын 4-июлундагы № 111 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# «Маданият жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу

2013-жылдын 6-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Маданият жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 4, 341-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

**1.** 9-березенин 1-бөлүгү “жыйынтыктарына” деген сөздөн кийин “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте” деген сөздөр менен толуктасын.

**2.** 25-берене төмөнкүдөй мазмундагы 2-бөлүк менен толукталсын:

“Маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүдө музыкалык чыгармаларды аткаруучулар тарабынан кызмат көрсөтүүлөр “Фонограммалар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат”.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А. Атамбаев**